С.МАКСУТОВА

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДУН “ЖАҢЫЛ МЫРЗА” ПОЭМАСЫ

*В своей поэме “Джаныл Мырза” автор Касым Тыныстанов вынес на первый план героизм, свойственную к предкам отважность, мудрость, горделивость, любовь и трагедию Джаныла. “Джаныл Мырза” является и останется единственным и ценным произведением в эпической поэзии. В данной статье “Джаныл Мырза” Касыма Тыныстанова исследуется в сравнении с одноименными поэмами других авторов.*

*Bu makalede, epik eserler içinde kıymetli yegâne eser olarak bilinen Kasım Tınıstanov'un “Janıl Mırza” destanında ecdadımızın kahramanlık, bilginlik, cesurluluk, saygınlık karakterlerinden söz edilmekte ve bu konuda yazılan diğer yazarların eserleriyle karşılaştırılmaktadır.*

Касым Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасы текши он бир-он эки муун менен жазылып, ыр тїзїлїшї башка авторлордукуна караганда кескин өзгөргөнї дароо эле көрїнөт. Бирок бул анчейин гана сырткы формалык жаңылануу эмес. Дал ушунун өзїндө элдик мотивге чечкиндїї тїрдө жїргїзїлгөн трансформация ачыкка чыгат. Сюжеттик жана образдык трансформация баарынан мурда Жаңыл Мырзанын образына байланыштуу. Элдик мотивдин негизинде жаралган Тоголок Молдонун (1960), Абдыкалык Чоробаевдин (1957, 1966), Ыбрай Абдрахмановдун (1967), М.Мусулманкуловдун (1983) жарык көргөн варианттары ар бири жекече өзгөчөлїктөрї менен айырмаланып турса дагы, негизинен бул көрсөтїлгөн варианттарда Жаңыл Мырзанын баатырдыгы, жаа тартуу жагынан алдына эч кимди чыгарбаган устаттыгы даңазаланат. Бул албетте туура, анткени каарман өзї эл арасына ушул эки касиет аркылуу атагы чыккан. Ал эми К.Тыныстановдун поэмасында Жаңыл жөн эле баатыр эмес, ал баарынан мурда акылман аял, аялзатынын ар намыс мартабасын бийик сактап, кадырлаган инсан эмеспи.

“Касым Тыныстанов өзїнїн поэмасын жаратып жаткан учурда эч кандай эстетикалык принципке, эч кандай идеологияга көз каранды болгон эмес, ал “Жаңыл Мырзаны” эркин акындык эргїї менен жараткан. Ушундай эргїїнїн натыйжасында поэманын квинтэссенциясы, тїпкї маңызы болгон гениалдуу парадокс: кыргыз турмушунун идиллиясы жана жеке адамдын тагдырынын трагедиясы келип чыккан. Бул кыргыз көркөм сөз искусствосунун тарыхында жаңы адабияттын, жаңы традициянын башталышы” – деген К.Асаналиев [1].

“Жаңыл Мырза” поэмасы ар башка авторлор тарабынан ар кайсы жылдарда жазылгандыктан ичиндеги сюжети, көркөмдїїлїгї, жазылыш муундары, техникалык өзгөчөлїктөрї жагынан абдан айырмаланат. Бирөөндө айтылбай калган сөздөр экинчисинде толукталат же көп сюжеттер такыр эле тїшїп калат. Мисалы, А.Чоробаевдин вариантындагы “Жаңыл Мырза” 8-9 муун менен жазылып, окуганга абдан жеңил жана ичине абдан көп окуяны

камтыган. Поэма башталганда эле “Алгачкы баян” бөлімүндө башка поэмаларда кездешпеген Тілкінін энесинин келинин кетирген кылык-жоругу абдан чеберчилик менен жакшы чечилип берилген. Бул вариантта Жаңыл Мырзанын баатырдыгы менен кошо кордолгону да жакшы эле айтылат. Мисалы, нойгут элинин малын тийип кеткен Їчїкө, Тілкї, Аккочкорлор талаада эт асып жеп жатышканда жолду аңдып жаткан Чабак келаткан Жаңылды аңтара сайат. Ал канчалык жалынса да Чабак болбой, Жаңылды чочмор менен чокуга чапкылайт. Акыры, айласы кеткен Жаңыл жаа атып аны өлтїрөт. Андан кийинки кордукту Жаңыл Калматай чалга тийгенде көрөт. Акыры аны өлтїрїп элине качып келип, чачылган эли менен малын жыйнап, бактылуу жашап калат. Поэманын аягы Жаңылдын өлїмї менен аяктабай жакшы бїтөт. Поэмада Жаңылдын образы баатыр, бала төрөгөн мээримдїї эне, сулуу аял, жанда жок таамай аткан мерген, өз элин баккан, туура бийлик жїргїзгөн башчы катары жакшы сїрөттөлгөн. Бирок ал жарды їй-бїлөдөн чыккандыгы да айтылып өтөт.

Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында окуя башкача өнїгїп, мурда кездешпеген ысымдар айтылат. Мында Жаңылдын абдан сулуулугу, Жамгырчы Жаңыл кызын эркелетип өстїргөнї, нойгуттан чыккан эрке кыз он алты жашында эле кырк жигит кїтїп, элине бат алынып, андан ары башка урууларга, калмак-кытайга чейин таанылганы, эрктїїлїгї, эркектерден кем калышпай бїткїл нойгут элин акылы, баатырдыгы менен башкарганы ачылып берилет. Аны аялдыкка алам деп келген көп баатыр Жаңылдын огунан жан таслим болушат. Бул поэмада башкаларда кездешпеген Чоң Анжыяндын баатырлары Їрбїлчїк менен Бурхуйдун да Жаңыл баатырды аялдыкка алам, тийбесе элин кырам, отун өчїрїп, кїлїн көккө сапырам деп келип, Жаңылдын колунан өлїп жайрап жатып калганы айтылат. Кашкардын ханы Турсун хан да жеринен көчїп кеткен Жаңылды эли менен өз жерине алып көчїрїп келип, убадалашкан боюнча аны аялдыкка алам дегенде да Жаңыл Мырза аны өлтїрїп тынат. Автордун сїрөттөөсїндө ушул сыяктуу баатырлар Жаңыл кыздын колунан көп өлгөнї сыпаатталат. Поэмада анын атасы Жайылкандын кедей экендиги жөнїндө сөз жок, тескерисинче, кызын эркелетип өстїргөнїнө караганда орто жашаган адам болгонун байкоого болот. Ал эми анын энеси жөнїндө эч жерде айтылбайт.

А.Чоробаевдин вариантында Жаңыл Калматай чалдан төрөгөн баласын таштап, качып баратканда артынан келген куугунчулардын баарын өлтїрїп, акыры Калматай баласын бооруна кысып келгенде аны да кекиртекке атып өлтїрїп, баласын атайын деп колу калтырап, бирок атып, аткан огу балага тийбей калып, элине чейин көтөрїп барып, баласыз жїргөн бир абасынын төөсїнїн жанына жылаңачтап таштап салат. Ошондо абасы баланы таап алып, кайыптан табылган балам деп атын Кайыпберди коет. Кийин Кайыпберди чоңоюп, калкты бийлеген тың бала чыгат.

Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында Жаңыл Мырза Калматай чалдан төрөгөн баласын атып таштайт. Анткени ал өмїр бою баласынын өсїп

жатканын көріп кыйналып, Калматайдын тукуму өз уруусунда жүрүшүн каалабайт, анан эң негизгиси эки вариантта тең Жаңыл : "кантип бала тууп келдим деп элимдин бетин карайм?", - деген намыска катуу турган. Эки поэмада тең күч менен алам деп келген эрлерди жайлап келген Жаңыл акыры "колумдагы шакекти ким ала алса, ошол элдин эрине тийем" деп жарыялайт. А.Чоробаевдин вариантында Түлкүнүн элинен келген 18 жаштагы Чынасыл шакекти алган болсо, М.Мусулманкуловдун вариантында ошол эле Түлкү, Үчүкүлөрдүн элинен келген 21 жаштагы Абыл Жаңылдын колунан шакекти сууруп качат. Экөөндө тең Жаңыл өз айткан сөзүнө бекем туруп алардын элине барып берет. Ичинен жаш баатырга тийсем деп ойлойт, бирок аны кеңешкен карылар жаштарга бергиси келбей, алам деген 70 жаштагы Калматайга макул болушуп, башын байлашат.

А.Чоробаевдин вариантында Жаңыл көп жашап бул дүйнөдөн өткөнү мындайча сүрөттөлүп бүтөт:

Ошо бойдон эр Жаңыл
Эрге тийбей өтүптүр.
Найза кармап, эл коргоп,
Дүнүйөдөн кетиптир [2].

Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында баркын билбеген күйөөсү Калматайдан качкан Жаңыл артынан кууган Абылды да, баласын да өлтүрүп, өз элине келгени менен поэма соңуна чыгат.

Бул поэмаларда Шырдакбектин боз жоргосу да жакшы ачылат. Өзгөчө А.Чоробаевдин вариантында Шырдакбектин эрке аялынын кантип амалданганы, күйөөсүн кантип оорулуу кылып, акыры андан боз жоргону алып качып кеткени, төрө Шыгайдан ажал тапканы ушунчалык жакшы ачылып берилген.

Ал эми Касым Тыныстановдун 1924-жылы китепке чыккан "Жаңыл Мырзасы" 11-12 муунда жазылып, жогорудагы авторлор А.Чоробаев менен М.Мусулманкуловдун "Жаңыл Мырзасынын" өзөктүү жерлеринен кескин айырмаланат.

К.Тыныстановдун "Жаңыл Мырзасында" Жаңылга байланыштуу окуялар улам өсүп, чиеленишип отурбай эле автор тарабынан ал жашаган доор, айлана-чөйрөнүн, жаздын, күздүн сулуулугу, ошол учурдун жана өткөн замандын ушунчалык керемет экендиги көркөмдөлүп, автор тарабынан поэтикалык эргүүгө көбүрөөк ык алган. Поэмада катышкан каармандар да сейрек кездешет. Өзгөчө колдой турган жагы – Жаңылдын сүйүүсү абдан даңазаланат. Кыргыз аялзатынын сүйүүгө болгон кумарлануусу, бир көрүп калып ашык болуп калган ышкысы, бирок сезимден да күчтүү намыс акыры аны жеңип кетээри жакшы берилген. Бул вариантта энесинин айтканы менен аялын кетирип жиберген Түлкү эки жылдай бой жүрүп, акыры тийиштик кылып нойгут элин башкарган Жаңылдардын жылкысына тийет.

Жылкыларды Тілкілөр талаага жайып коюп, артынан куугунчу болуп Жаңылдын келишин кітіп, эт бышырып жеп жатышат.

Алардын артынан кууп келген Жаңыл Мырза алыстан от башында олтурган Їчікө, Атагозу, Чабак, Тілкілөрді көріп, негедир Тілкіні жактырат. Бир көріп эле жактырып, анын біткіл турган-турпатын алыстан карап, сійії ышкысына арбалат. Ошол учурда Жаңылдын Кертайган ити алар отурган жерге бара калат. Ошондо Тілкі: "Канчыктын Кертайганы" деп кыйкырып жиберет. Аны угуп калган Жаңыл сійіп турганына карабай, намысына жеңдирип Тілкіні жаа менен атып өлтірөт. Анын жанындагы Їчікө, Атагозуну да жайлайт. Кийин Тілкілөрдін эли кол курап барып Жаңылды колго тішірішөт. Ошондо да Жаңыл оңой менен колго тішіп бермек эмес, андан мурдараак кайсы бир тойдо Жаңыл Абылды эркелетип алдына алып:

"Кыяр оо, сени дагы өлім жазган... "
Болгондой элге тутка жан экенсиң..."
Деген да маңдайынан бир сылаган...

делет.

Кысыктан чыга калган Жаңылды атайын кітіп турган Абыл чылбырдан алат. Ошондо Жаңыл канжарын сууруп чыгып саярда анын Абыл экенин таанып калат. "Аттиң болбос..." деп айласы жок колго тішіп берет. Колго тішкөн Жаңылды Тілкінін эли кеңешип отуруп, кордукта өмірі чирисин деп бир кары адамга аялдыкка беришет. Арадан 2-3 жыл өткөндөн кийин айылдын аксакалдары Жаңылдын өнөрін көріп, чер жазмак болушуп, кыз кездеги жаа тарткан өнөрін көргөзсін, - дешип Абылды ага жөнөтішөт. Ошондо Жаңыл мындай дейт:

Кой деп айт, мындай жолго эл салбасын,
Элиртип болбос жерден кыстабасын.
Капаста "эрк" сагынган мен бир туткун,
Ат минсем, кетеримди эсине алсын.

Кетіігө бет тізөсөм сендей эрлер
Майданда салмакташып, кан акпасын.
Махабат кіісін кіілөй андан көрө,
Капаста Жаңыл жаны кійсін, жансын [3].

Ушул саптар автор тарабынан абдан жандуу, тішініктії, сөз уйкаштары да орундуу берилген. Бирок Жаңылдын айткандарына эл көнбөй, ага Шырдакбектин аргымагын мингизип, жоо-жарагын колуна карматып кое беришет. Ошондо Жаңыл бир кезде өзін колго тішіріп алып келген Абылдын калпагын көккө ыргыттырат да аны жерге тішірбөй 15 жолу атып

төбөсүн түшүрөт. Анан Абылга "кош кайним" деп, атты чаптырган бойдон качып кетет. Ушул саптардан кийин поэмада "өткөн күн" мотиви абдан көп айтылат. Жаңыл качып кеткенден кийин карап калган элдин көбү аны ар түрдүүчө кеп кылышат. Ошондо:

"Кап сени, бир серпишпей" деген болуп,
Өкүндү кур демдүүлөр санын салып.
"Бейбактан тукум албай, бекер кылдык"
Деп бир топ эл тарады армАнданып...

делет.

Демек, Касым Тыныстановдун поэмасында Жаңыл баатыр бала төрөгөн эмес. Ал качып, өзүнүн нойгут элине келсе, элин кытай каратып алган болот. Жолу болбогон Жаңыл өзү атып өлтүрүп, бирок көмүлбөй, баштарын жору, кузгун мүлжүп бүткөн төрт жерде жаткан эрлердин сөөгүнө келет. Ал жерде калган Үчүкө, Түлкү, Атагозу, Чабактан Түлкүнүн баш сөөгүн таанып, аны кармаган боюнча өзүн-өзү өлтүрөт. Поэма ушундай мазмунда аяктайт.

Поэмада айтылгандай, кантип эле Түлкүнүн эли баатырлары өлгөндөн кийин аларды издеп келип, өзүнүн төрт баатырын жерге көмбөй койсун? Бул жерде калпыстык да бар. Поэмадагы окуя өтө аз берилген да, автор өзүнүн оюн таңуулап, башка эле маанидеги сөздөрдү көбүрөөк келтирген. Кызык жери автор Жаңыл Мырза поэмасына "алач" деген сөздү да кошуп жиберген. "Эле го а дагы алач Жаңыл бейбак", - дейт ал. Анткени Тыныстанов ошол кездеги казактардын "алаш ордо" кыймылына мүчө болуп тургандыгы ага дайыма таасир берип, чыгармаларына ушул сөздүн кошулуп тургандыгы да кийин анын жазасын колуна берген. К.Тыныстанов андан сырткары ушул поэмада "өткөн күн" деген сөздү өтө көп пайдаланып, учурдагы жана келечектеги жашоону даңазалоонун ордуна өткөн күндү эңсеп, ага зар болуп, ал замандын укмуштуудай бир керемет болгонун кайра-кайра кайталап турган. Бул боюнча өз оюн К.Артыкбаев мындайча айтат: "Кара кылды как жарган калыстык менен караганда поэмада баяндалган Жаңыл жашаган замандын жыргатар жакшы жагы жокко эсе сыяктуу. Биринчиден, эркектер аялдарды кор тутуп, теңсиздиктин өкүм сүргөндүгү ошол замандын идеалдуу жакшы доор экендигин эч айгинелей албайт. Андай болсо автор эмне үчүн, кайсы далилдерге таянуу менен:

Өткөн күн – сулуу сүрөт ойлогонго,
Теңдикти, эркиндикти элестеткич.
Эр бакты, эл бактыны келип кеткен,
Өткөн күн – күн экен го акыл жеткис, –

деп суктанат да, анан кор кылып Жаңылды трагедиялуу өлімгө барууга мажбурлаган кем акыл заманды:

Ой чиркин...кїн экенсиң өткөн заман,
Тамшанткан, такылдаткан, таң калтырган.
Кийиктей эркин өскөн элиң кандай,
Кайгысыз, убайымсыз ыр ырдаган,
Бактылуу бир кїнсїң го тїштөгїдөй,
Жаңылдай ири жандуу кыз урунган,
Ал өңдїї жыргал кїндөр жылас болду,
Кїңгїрөн долу комуз, муңкан, муңкан! –

деп, шилекейин чуурута мактоого алат? Жалпы адамзаттык прогрессивдїї көз караштан алып караганда деле автордун жогорку позициясын эч убакта кубаттоого болбойт. Ошондуктан К.Тыныстановдун айрым чыгармаларында анын көз карашынын карама каршылыктуу экени байкалат деген пикирлерде чындыктын їлїшї бар. Бирок поэманын мазмунундагы карама-каршы ой жїгїртїїнїн бар экендиги чыгарманын жалпы эстетикалык салмагына доо кетире албайт. Поэма чыны менен жазма поэзиянын талабына жооп берерлик деңгээлде жазылган, сөздөр, саптар, строфалар өтө дыкаттык менен так, элестїї, көркөм иштелген” [4].

Мисал келтирилген жогорудагы ырдын “Жаңылдай ири жандуу кыз урунган” деген сабы да эмнегедир уйкаштыкты кууган сыяктуу, болбосо кызды кантип “урунат”? Анын “ири жандуу”деген салыштыруусу да орунсуз. Бирок бул поэманын эң эле оозго аларлык жери – махабатты алдыңкы орунга алып чыккандыгы. Анда Жаңыл Мырзанын сїйїїсїнө өзгөчө басым жасалган.

Махабат – тозок оту балбылдаган,
Ким кызып, илебине алдырбаган.
Махабат – кырдан качкан кызыл тїлкї,
Бїркїттї ташка согуп алдырбаган.
Махабат – турагы жок соккон шамал,
Мойнуна тїргөн чалма салдырбаган [3].

Кыргыз жазма адабияты жаңы тїптөлө баштаган ошол 20-жылдардын ичинде К.Тыныстановдун бул поэмасы өзїнїн жаңы көз караштагы поэтикалык ыргакта жазылгандыгы менен окурмандарга тез тарап, андагы махабатка арналган саптары көпчїлїк окурмандардын жаттап окуган ыр саптарына айланган. Ошол саптар бир топ жылдарга чейин элдин оозунан тїшпөй келгендигин адабият тарыхынан байкоого болот.

“Жаңыл Мырза” профессионалдык адабияттын классикалык їлгїсїндө жаралган. Акын айлана-чөйрөнїн сулуулугун, жаз айында

табияттын бїрдөп, өсїп-өнїп чыгышын жана кїздө сїрї кетип соолуп калышын, мезгилдердин контрасттуулугун, жаратылыштын табышмактуу сырларынын адам баласынын өмїр-өлїмї менен тыгыз байланыштуулугун, ички дїйнөсїнїн кїзгїсї экендигин философиялык ой-толгоолор аркылуу көрсөтөт. Жеңилбес, ата-салтты сактаган Жаңылдын махабатын жана трагедиясын биринчи планга алып чыгуусу – акындын өзгөчөлїгї" [5] - деген академик Абдылдажан Акматалиев да.

Поэмада айрым бир маанисине доо кетирген сөз же саптар кездешет. Мисалы, "кадимки мурункудай калпы-салты" деген саптагы "калп-салт" деген сөз эмнени тїшїндїрөт? Же бул каада-салт деген сөздїн техникалык катасыбы? Бул чыгармада "Бїлкїлдөп соруп жатты жылуу канды" деген сап бар. Мындай маанидеги сөздөр поэманын эки-їч жеринде кездешет. Чыгарманын ичинде бирин-экин тїшїнїксїз сөздөр болгону менен жалпы жонунан поэма өзїнїн берейин деген оюн берип, маанисине жеткен. Ал жазма адабиятта алгачкы поэма болгондуктан ошол учурда да, азыр да өз окурмандарын таап, окулуп келаткандыгы менен баалуу.

"К.Тыныстановдун чакан поэтикалык мурастарына бир сыйра көз чаптырып, кыргыз элинин совет доорундагы жазма адабиятында биринчилерден болуп профессионалдуу поэма жанрын баштоого аракет кылгандыгын айрыкча баса белгилеп көрсөтїїгө болот. Албетте, эпикалык поэзия багытында ал бар болгону бир гана чыгарманы – "Жаңыл Мырза" поэмасын жазган экен. Эскерте кетсек – бул поэмада жаңы заманга, совет бийлигине кайчы келе турган бир дагы зыяндуу идея жок. Бар болгону, жогоруда эскертилгендей, колониялык доорго чейинки көчмөн турмушту, өзгөчө Жаңыл баатырдын турмушундагы героикалык турмуштук салтты көтөрө чалып: "Ал өңдїї жыргал кїндөр жылас болду", - деп муңканган тыянак чыгарылган экен. Эгерде бул тыянак поэманын жалпы мазмунуна шайкеш келип турса, анда да кеп башкача болмок эле. Тилекке каршы, дал ошол өзї идеал туткан өткөн турмуш Жаңылдай өз эркиндиги, теңдиги їчїн кїрөшкөн кыздын өмїрїнїн трагедиялуу аякталышына башкы себеп болуптур. Муну биз поэманын мазмунунан ачык туюнабыз", - дейт К.Артыкбаев [4].

"...Касым Тыныстанов да негизги маселени, адабияттын адабияттык, поэзиянын поэзиялык табият-талабын сөзгө абай айланып өтөт экен. Шек жок, 20-жылдарда гана эмес, бїгїн да кадимки көркөм чыгарма катары окула турган "Жаңыл Мырза" поэмасы менен профессионал адабиятта жаралчу ырларды жаратып, казак, татар жана орус адабиятынан жакшы эле сабак алып калган акын-илимпоз башка авторлорго салыштырганда алда канча сабаттуураак, көркөм сөз наркын аңдап-билїїгө алда канча жакыныраак, жаш талапкерлер їчїн да, окурмандар їчїн да, бери эле дегенде практикалык жагынан пайдалуураак кылып жазып беришке жарамак" – дейт Кадыркул Даутов Аалы Токомбаевдин "Ленин тууралуу" ыр китебине сын-пикирлерди айткан Калим Рахматулин жана Дөгдїр уулуна Касым Тыныстановдун

берген жоопторун, алардын сын айткандарын бири-бирине салыштырып жатып. К.Даутов 1920-жылдан 1930-жылга чейинки жазылган кыргыз жазма адабиятындагы алгачкы чыгармаларды, аны сындаган жазмакерлердин ой-пикирлерин, бири-бирине кантип жооп бергендерин, кандай деңгээлде туруп сын айткандарын жиликтеп, башын баш, көзїн көз кылып аныктап чыкканга аракет кылган, өзїнїн "Адабий сын кантип жаралган?" [6] окуу куралында.

Анын аракети текке кеткен эмес, автордун бул эмгегинен алгачкы жазма адабиятыбыздагы акын-жазуучулардын кандай аракеттенгендерин, кандай деңгээлде туруп жазгандарын аныктап билебиз. Ошондо биздин алгачкы жазма адабиятына чыйыр салгандар бири-бирине жок жалааны жаап, чыгарманын негизги маанисин тїшїнїп-тїшїнбөсө да каяша айтып, эрегишип, өч алуунун, гезитти бири-бирин согуп калуунун куралына айлантканын көрөбїз. Аларда бар сөздї жок кылган, жок жерден сөздї кошуп кетип кїнөө жапкан учурлар да көп болуптур. Ушунун баарын терип-тепчип, майдалап, мисалы алгач чыккан К.Тыныстановдун "Касым ырлары" жыйнагына жана А.Токомбаевдин "Ленин тууралуу" ыр жыйнагына кимдер кандай сын-пикир айтканын, ага башкалар тараптан кандай жооптор болгонун иликтеп-багат. Андан улам кимисинин канчалык деңгээлде адам боло алганын, кимиси ыпластыкка тїшїп, курулай, ал тургай адамкеркерчиликке сыйбас жорук-жосундарын калеми аркылуу көрсөтїп кеткенин ачыктайт. Ошол изилдөөсїн жїргїзїп келатып ал адамдагы наадандыктын кантип жаралышы жөнїндө оюн мындайча билдирет: "ак менен каранын, арамдык менен адалдыктын, бийиктик менен пастыктын ортосунда болгон чек ара көрїнбөгөн кылдай эле назик келет. Анын кїчї ыйыктыгынын сакталып турушунда. Аны бир жолу аттап алгандан кийин эч кандай ыйыктыгы да, сїрї да, ишеничи да калбай калат. Адамга адамдык сапат берип, адамды адам катарына кошуп жїргөн ошол ыйык тосмону бир жолу бузуп өткөн да, он жолу тебелеп кеткен да бир, ыйбаа кылдырчу жоопкерчилик жоголот. Акыйкат алдында коркуу сезими өлїп, башканы да, өзїн да аябай, утурумдук меркентал кызыкчылык їчїн ар кандай ыплас иштерге деле бети чымырабай бара берет, баары көнїмїш адатка айланат да калат деген ошол", - дейт Кадыркул Даутов [6]. Калетсиз айтылган сөз. Бул саптар мындан 100 жыл мурда да актуалдуу болчу, азыр да баалуу, эртең да маанисин жоготпойт.

**АДАБИАТЛАР**


1. Асаналиев К. "К.Тыныстанов: "Өткөн күн" мотиви". К.Тыныстанов, Е.Поливанов. Б., 2003.
2. Эл адабияты. Жаңыл Мырза. 1991.
3. Тыныстанов К. Адабий чыгармалар. Б., 1991.
4. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиатынын тарыхы. Б., 2004.
5. Акматалиев А. К.Тыныстановдун поэтикалык мурасы. "К.Тыныстанов, Е.Поливанов". Б., 2003.
6. Даутов К. Адабий сын кантып жаралган? Бишкек, 2002.

## REZUME

S.MAKSUTOVA (Bishkek)

THE POEM `ZHANYL MYRZA` BY KASIM TYNYSTANOV

In his poem "Zhanyl Myrza" by Kasim Tynystanov brought to the fore the heroism inherent to the ancestors with courage, wisdom, haughtiness, love and tragedy Zhanel. "Zhanyl Myrza" is and will remain a unique and valuable product in epic poetry. In this article, "Zhanyl Myrza" Kasim Tynystanov studied in comparison with similar poems by other authors.